№38
(1302)
28-октябрь
2015-жыл

# Ош: олуттуу даталар

Ош шаарындагы болуп жаткан майда иштерден баштап олуттуу, үлкөн окуяларды баяндап, чагылдырууда «Ош шамы» өз ишин мыкты алып барат. Жыл жыйынтыгын эки жылдан бери чыгара элек экенбиз, эмесе, окурман, көз чаптырып көрөлү...





## «Ош –КМШ өлкөлөрүнүн маданий борбору» макамын алды

**2014-жыл.**

**8-январь.** Ош шаардык Кеңешинин төрагасы болуп Примов Улан Бердибаевич шайланды.

**15-январь.** Ош шаарын мэри болуп Кадырбаев Айтмамат Тентибаевич дайындалды.

**21-январь.** Ош шаарынын мэри А. Кадырбаев кызматына киришип жатып Аксакалдар кеңешин, ардагер коомдук ишмерлерди кабыл алып, алардын ак батасы менен ишин баштады. Ушул эле күнү «Кыргызстандын жараны катары ар бирибиз мекенге кызмат кылууга милдеттүүбүз. Менин принцибим: ачык –айкындуулук, мыйзамдуулук, эл менен бирге болуу» деп журналисттердин суроолоруна жооп берди.

**25-январь.** Шаар мэри эл менен жолугушууну баштады. Алгачкы жолугушуу Туран аймактык кеңешинин жашоочулары менен болду.

**29-январь.** «Ош шаары КМШ өлкөлөрүнүн маданий борбору» макамына ээ болду.

**6-февраль.** Ош шаардык прокуратурасы мурдагы жетек-

йындалды.

**14-апрель.** Шаар мэри А. Кадырбаев Россиянын Кыргызстандагы элчиси Андрей Куртькону жана Россиянын Ош шаарындагы консулу Сергей Барсуковду кабыл алды.

**21-апрель.** Ош шаарынын борбордук базарынан сырткары Кара-Суу жана Тешик таш көчөлөрүндө соода кылгандар алынып, базар башаламандыктан арылып, көчө тазаланды.

**24-апрель.** Улуттар аралык мамилени бекемдөө жана чыңдоо максатында Ош шаарынын мэриясынын алдында этностор аралык мамилелер боюнча коомдук кабылдама ачылды.

**26-апрель.** Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси болуп Маматалиева Саадат Капаровна дайындалды.

Ош шаардык Кеңешинин сессиясында «Түштүк борбордун потенциалы – шаардыктардын жыргалчылыгы үчүн» аталышындагы Ош шаарын 2014-2017-жылдарга карата өнүктүрүү программасы бекитилди.

**15-май.** Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинатынын Тээке, Кара-Кысмак айылдарындагы питомнигине 24 жылдан бери суу чыкпаган жерге суу чыгарылды.

**19-май.** Шаар мэри 245 энеге «Баатыр эне» орденин, 68 энеге «Эне даңкы» медалын тапшырды.

Анапа шаарында бокс боюнча дүйнөлүк мелдештен 2-орунду алган шаардык Кеңештин депутаты, спортчу Шайлообек Атазовду аэропорттон салтанат менен тосуп алышты.

**2-октябрь.** «Сулайман-Тоо тынтчтыктын жана биримдиктин символу» аталышындагы фестиваль өттү.

Ош технологиялык университети 50 жылдык маарекесин тосту.

**4-октябрь.** Ош шаарындагы кароосуз калган бак 4 млн. 547 миң сомго оңдолуп, «Космонавттар паркы» деп аталып, шаардыктарга пайдаланууга берилди.

**5-октябрь.** Шаардын 3014 жылдыгы жогорку деңгээлде белгиленип, майрамдык салтанат кечкисин стадиондо уланып, ага 11 миңдей шаардыктар күбө болушту.

Озгурдагы С. Алымкулов атындагы мектебинин кошумча 240 орундуу окуу корпусу бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди.

Ош шаарынын мэриясынын демилгеси жана БУУнун өнүктүрүү программасынын колдоосу астында Сулайман-Тоо мечити, Сулайман-Тоодогу Бабурдун үйү, Сулайман-Тоо археологиялык музейдин имараты жарыктандырылды.

**6-октябрь.** Шаар мэри А. Кадырбаев Санкт-Петербург шаарынын тышкы иштер комитетинин төрагасы Сергей Марков

**6-февраль.** Ош шаардык прокуратурасы мурдагы жетекчилер баштаган көпүрөнүн курулушу боюнча эки кылмыш иши козгоду.

**8-февраль.** Ош шаарынын спортчусу Кылыч Саркарбаев АКШнын Майями шаарында өткөн дүйнө чемпиондугунда күрөштүн грепплинг түрү боюнча 2-орунду багындырып, күмүш медаль тагынды.

**9-февраль.** Самбо боюнча эл аралык турнирде Ош шаарынын спортчулары Эржигит Абдыкалыков, Нурсултан Абдилаким уулу, Бакай Абдыманап уулу, Максат Мусабаев 1-орунду камсыз кылышып, жалпы командалык эсепте Ош шаары 1-орунга жетишти.

**18-февраль.** Шаар мэри Кытай Эл Республикасынын Ош шаарындагы башкы консулу У Ин Цинди кабыл алды. Жолугушууда эки өлкөнүн кызматташтыгы, шаарлар менен мамилеси талкууланды.

**26-февраль.** «Алай» футбол командасы Бахрейндин «Аль Риффа» командасы менен ордолуу Ош шаарында беттеш өткөрдү. Сүйүнбаев атындагы стадион бул күнү 12 миң көрүүчүнү кучагына алды. Мындай масштабдагы футболдук мелдеш Ош шаарында алгач ирет өткөрүдү.

**25-февраль.** Ош шаарынын вице-мэрлигине Ормонов Жапарбек Туратович, Эргешов Ильичбек Салыевич, аппарат жетекчилигине Осмонов Алмаз Абдулакович дайындалышты.

**28-февраль.** Ош шаардык социалдык фонду республикада берилген планды 106,4 % аткарып, биринчи орунду алды.

**4-март.** Ош шаарынын 2017-жылга чейинки өнүктүрүү программасы кабыл алынды.

**5-март.** Шаарда ак калпак күнү өзгөчө салтанат менен белгиленди.

**11-март.** Шаар мэри А. Кадырбаев Индиянын Кыргызстандагы элчиси Жаянт Кхобрагаде менен жолукту. Жолугушууда эки тараптуу кызматташуу, социалдык-экономикалык маселелер боюнча алакаларды жандандыруу, билим берүү тармагындагы кызматташтыкты алдыга жылдыруу боюнча маселе талкууланды.

**14-март.** Ош шаарында төкмө акындардын эл аралык айтышы өттү. Анда Ош шаарынын №52 мектебинин англис тили мугалими Идирис Айтибаевдин төкмөлүк тушоосу кесилип, 2-орунду багындырды.

**20-март.** 120 орундуу «Акылай» балдар бакчасынын ачылышы болду.

**29-март.** Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасында Ош шаары 2-орунду багындырды.

**1-апрель.** «Алай» футбол командасы Иорданиянын «Шабаб-Аль Ордон» клубу менен Ош шаарынын стадионунда беттешти.

Ош шаарынын чарба, транспорт жана коммуникация тармагы боюнча вице-мэр болуп Кутманалы Абдрахман уулу да-

энеге «Эне даңкы» медалын тапшырды.

**20-май.** Ош шаарында «Жыл мугалими» сынагы уюштурулуп, жеңүүчүсүнө алгачкы жолу автоунаа берүү мэр тарабынан демилгеленип, жыйынтыгында кыргыз тили жана адабият мугалими Мелис Музулманов автоунаага ээ болду.

Ош шаардык мэриясына Евросоюздун өкүлдөрү келишти. Европалык инвестиция банкы мэрия менен биргеликте 2 долбоор үстүндө иш алпаруу боюнча сүйлөшүү жүрдү.

**26-май.** Эстакадалык көпүрөнүн курулушу башталды. Мурунку долбоор жокко чыгарылып, кайрадан 3 этап менен куруу иштери башталды.

**1-июнь.** «Мэрге кат» акциясынын алкагында шаар мэри июнь калабасында жабыркаган жарандардын балдарынын кыялдарын орундатып, балдарга белектерди тартуулады.

Ага-ини Арзиевдердин жаркын элесине арналган бокс боюнча Ош шаарында өткөн эл аралык мелдеште калаабыздын 5 спортчусу алтын медаль утту.

**2-июнь.** Ош шаарынын биринчи вице-мэри болуп Аскаров Замирбек Марипбаевич дайындалды.

Аланов Арфидин Аланович шаардык Кеңештин төрагасынын орун басарлык кызматына киришти.

**4-июнь.** Ош шаарынын «Алай» футбол командасы «Нефтичи» командасын утту.

**19-июнь.** Өлкө президенти А. Атамбаев Ошко иш сапары менен келип, асма көпүрөнүн курулушу менен таанышты.

**26-август.** Мугалимдердин август кеңешмеси өттү.

**27-август.** Токтогул Сатылганов атындагы сейил бакта сүрөтчүлөрдүн галереясы ачылды.

**9-сентябрь.** Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну Көл кылаасында өтүп, ага Ош шаарынан спортчулар менен атайын делегация катышышты.

**18-сентябрь.** Ош шаарындагы 640 көп кабаттуу үйдүн 282си мындан 20 жыл мурда борбордук жылытуу системасынан үзүлгөн. 52 көп кабаттуу үйдү анын ичинен 27 үй-бүлөлүк жатакана кайрадан борбордук жылытуу системасына улаштырылды. Ар түрдүү кубаттуулуктагы 75 трансформатор, 13 жаңы отказан алынып келинди.

**22-сентябрь.** Шаарда орус тилин үйрөтүүчү борбордун ачылышына шаар мэри А. Кадырбаев Россиянын Ош шаарындагы жаңы дайындалган консулу А. Кудряшев катышты.

**23-сентябрь.** Тил майрамынын 25 жылдыгы салтанаттуу белгиленди, эне тилге салым кошкондор мэрия тараптан сыйланды.

**26-сентябрь.** Шаардык Кеңештердин депутаттарынын ортосунда футбол боюнча мелдеш Ош шаарында өттү.

**30-сентябрь.** Гүлбаар-Төлөйкөн айылында 90 орундуу бала бакчанын курулушу башталды.

**1-октябрь.** Ош мамлекеттик социалдык университети 20 жылдыгын белгиледи.

рынын тышкы иштер комитетинин төрагасы Сергей Марков менен маданият, айыл чарба, миграция жана туризм боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү.

**8-октябрь.** Ош шаарында Кыргызстандын түштүгүндөгү чек аралаш аймактарына инвестиция тартуу маселесин көтөргөн жалпы бизнес ассоциациянын форуму өттү.

**9-октябрь.** Ош шаарында кыргыз-кытай ишкерлери тарабынан курулуш материалдарын чыгаруучу «Коу-Канттао» ишканасы ачылды.

**10-октябрь.** Ош шаарынын мыкты мугалими Мелисбек Музулманов республикалык сынакта «Мыкты мугалим», ал эми «Жылдын эң мыкты инновациялык мектеби» деп калаабыздагы Ж. Мамытов атындагы мектеби табылды.

Тоо булбулу Токтогулдун 150 жылдык маарекеси Ош шаардык китепканада белгиленди.

**12-октябрь.** Оор атлетика боюнча Ош шаарынын мэринин кубогуна арналган мелдеш аяктады. Мелдешке Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстандан спортчулар келишти.

**14-октябрь.** Шаар мэри аз камсыз болгон 70 үй-бүлөгө электр мештерин тапшырды.

**22-октябрь.** Шаарда газ жоктугуна байланыштуу 29 балдар бакчалары суюлтулган газ менен камсыздалды.

**23-октябрь.** Ош мамлекеттик университетинин 75 жылдык маарекеси белгиленди.

**27-октябрь.** Шаардагы бардык социалдык мекемелерге, 53 мектепке, 29 бала бакчага, 24 медициналык мекемеге, көп кабаттуу жана жер үйлөргө жылуулук берүү башталды.

**30-октябрь.** Шаардык маданият кызматкерлери кесиптик майрамына карата шаардык Кеңеш жана мэрия тараптан сыйланышты.

**1-ноябрь.** Кыргыз милициясынын 90 жылдыгына карата шаар мэри ШИИБге 2 автобустун ачкычын тапшырды.

**5-ноябрь.** Амир-Темурда сметалык баасы 9, 2 млн.сом болгон 20 бөлүмдүү эмкананын курулушу башталды.

**7-ноябрь.** Басма сөз күнүндө Оштогу мыкты журналисттер мэрдин колунан сыйлык алышты.

**10-ноябрь.** Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү шаарда салтанаттуу белгиленди.

**11-ноябрь.** Качкын макамын алып, Ош шаарында жашаган 30 адам кыргыз паспортун алып, Кыргызстандын жараны болуп катталды.

**12-ноябрь.** Июнь калабасында курман болгон милиция кызматкерлеринин үй-бүлөсүнө мэрия тараптан материалдык жардам көрсөтүлдү.

**19-ноябрь.** Эстакадалык көпүрөнүн 2-этабы башталды.

**20-ноябрь.** Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын 20 жылдыгы белгиленди.

**30-ноябрь.** Шаарда кыргыз-кытай биргелешкен кир жуугуч машиналарды чыгаруучу «Жин-Мей» заводу ачылды.

# хронологиясы







**9-декабрь.** Шаар мэри А. Кадырбаев Кытайдын Сининь шаарынын мэри Ванг Юбону кабыл алды.

**15-декабрь.** Ош шаардык Кеңешинин төрагасы, аппарат жетекчиси баштаган онго жакын депутаттар Кытайга тажрыйба алмашуу максатында иш сапарга жөнөп кетишти. Алар Кытайдын Пекин, Шанхай шаарларында болушту.

**17-декабрь.** Ош шаарынын жергиликтүү жамаатынын өкүлдөрүнүн 5-элдик курултайы өттү.

**26-декабрь.** «Актан Жапалак» 120 орундуу балдар бакчасынын ачылышы болду.

**30-декабрь.** Ош шаарына апрелде токтогон газ кайрадан бериле баштады.

**31-декабрь.** Шаар жаңы 2015-жылды жаркын маанайда тосуп алды.

XXX

## «Ош – туризм багытындагы мыкты шаар» аталды

2015-жыл

**15-апрель.** Шаар мэри КЭРдин Кыргызстандагы элчилигинин соода-экономика маселеси боюнча кеңешчиси Суй Хе менен жолугушууда Ак-Тилек кичирайонуна курулуучу 150 орундуу оорукана комплекси тууралуу сөз болду.

**21-апрель.** Улуу Ата Мекендик согуштун 70 жылдыгына карата шаарда 7 миңге жакын адамдын катышуусунда тынчтык маршы болду.

**21-апрель.** Чернобыль апаатынын 29 жылдыгына карата Украинадан жиберилген «Чернобыль баатыры» ордени менен Ош шаарынын 11 катышуусу сыйланды.

**9-май.** Улуу Жеңиштин 70 жылдыгы өзгөчө салтанат менен белгиленди. Согуштун 26 ардагеринин ар бирине 70 миң сом, оорукта эмгектенгендерге 10 миң сомдон мэрия тараптан берилди. «Жеңиштин 70 жылдыгы» медалы жана түстүү телевизорлор да белекке берилди.

**15-май.** «Гүлдөгөн шаар - 2015» сынагы жыйынтыкталып, «Гүлдөр майрамы» жарманкеси өттү.

**18-май.** А. Кадырбаев Кытай инвесторлору менен жолукту. КЭРдин делегациялык топтун башчысы Лань Фан айым баш

**10-август.** Жапалактын Пятилетка айылында 120 орундуу бала бакчанын курулушуна шаар мэри капсула салды.

**12-август.** Шаар мэри Кытайдын Оштогу жаңы шайланган консулу Сун Лицюнду кабыл алды.

**20-август.** Мугалимдердин август кеңешмеси болду.

**25-август.** Эски автобекет шаар сыртына көчүрүлүп, жол тыгындары азайды.

**26-август.** Токтогул атындагы китепкананын оң жагындагы кароосуз калган жер оңдолуп, жашыл эс алуу бакка айланды.

**28-август.** Манас-Ата, Достук, Жибек Жолу аймактык кеңештеринде 4 балдар аянтчасы пайдаланууга берилди.

**31-август.** Черемушки кичи районундагы каралбай калган сейил бак 11 млн. сомго толугу менен оңдолуп-түзөлүп «Ата түрк» атындагы көрктүү бакка айланды.

**31-август.** Эгемендүүлүк майрамы өзгөчө белгиленип, Амир-Темур аймактык кеңешинде 95 орундуу «Бөбөк» балдар бакчасы ачылды.

**2-сентябрь.** Фергана көчөсүнө түнкү чырактар коюлуп, толугу менен жарыктандырылды.

## …шаар» аталды

**2015-жыл.**

**1-январь.** Жыл жыйынтыгы менен 2014-жылы шаарга 100 млн. 100 миң сомдук 75 трансформатор, 62 млн. 400 миң сомго 2 подстанция курулду.

**2-январь.** Жыл жыйынтыгы боюнча айыл чарба продукциясы 2 миллиард 769,4 миллион сомду түздү.

**18-январь.** Шаар мэри кайрадан 13 аймактык Кеңештин эли менен жолугушууну баштады. Былтыркы жылы 3 ири завод ачылып, натыйжада 850 адам жумуш менен камсыз болгон.

**14-январь.** Ош шаардык Кеңеши 2014-жылда 14 сессия өткөрүп, анда 105 маселе каралган.

**17-январь.** Монуев жана Кара-Суу көчөсүнө 233 түп арча көчөтү отургузулду.

**29-январь.** Республика боюнча Ош шаарынын мэриясы 2014-жылдын январь-декабрь айларынын жыйынтыгы менен бардык көрсөткүчтө биринчи орунга жетишти.

**2-февраль.** Ош шаары Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы Туризм департаменти тарабынан «Ош – туризм багытындагы мыкты шаар» деп табылды.

**2-февраль.** Ош шаарына биринчи вице- премьер-министр Таирбек Сарпашев келип, Ош шаары бардык көрсөткүч боюнча алдыда баратканын айтып, Ош шаарынын мэри Кадырбаевге «Биз сиздин ишиңизди жогору баалайбыз жана мындан аркы ишиңизге албан ийгиликтерди, майтарылбас күч-кубат каалайбыз» деп жазылган премьер-министрдин ыраазычылык баракчасын тапшырды.

**5-февраль.** «2015-жылда Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин» долбоорун талкуулоо боюнча коомдук угуу болуп өттү.

**9-февраль.** Ош шаарында Достук аймактык кеңешинде сыйымдуулугу 6 миң куб метр суу кампасынын курулушу башталды.

**12-февраль.** Ош шаардык Кеңештин кезексиз 25-сессия өтүп, анда шаардык бюджет бекитилди.

**5-март.** Өлкөдөгү шаардык Кеңештер арасында өткөн футбол боюнча мелдеште Ош шардык Кеңешинин командасы 2-орунду багындырып, депутат Б.Эргешов «Эң мыкты оюнчу»деп табылды.

**7-март.** Аялдардын эл аралык күнүнө карата калаабыздагы 70 эне «Баатыр эне» ордени менен, «Эне даңкы» медалы менен 10 көп балалуу эне сыйланды.

**18-март.** Ош шаарынын мэри Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери менен биргеликте Жеңиштин 70 жылдыгынын урматына Алымбек датка комплексине 70 түп карагай отургузушту.

**20-март.** «Элдердин достугу» жаштар фестивалы өттү.

**26-март.** Курманжан датка-2 аймактык кеңешинин Эдельвейс участогунда жаңы медпункттун курулушу башталды.

**29-март.** Республикалык олимпиадада Ош шаарынын 7 окуучусу 1-орунду алышты.

КЭРдин делегациялык топтун башчысы Лань Фан айым баш болгон Гуандун провинциясынын инвесторлору, ишкерлери, Ош шаарындагы консулу У Ин Цинь менен жолугушууда эки тараптуу ишкердик боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү.

**19-май.** «Жылдын мугалими» сынагында Ж. Бөкөнбаев мектебинин мугалими Элвиза Нарынбаева 1-орунду ээлеп, автоунаага ээ болду.

**20-май.** А. Кадырбаев Синзянь Уйгур автономиялуу республикасынын канцеляриясын өкүлү Али Абламитти кабыл алды. Кашкар-Ош шаарларынын кызматташтыгын бекемдөө боюнча макулдашуулар болду.

**2-июнь.** Ош шаарында Венгриянын ардактуу консулдугу ачылды.

**3-июнь.** Туран аймактык кеңешинде моделдик жаңы китепкананын ачылышы болду.

**10-июнь.** Июнь окуясынын 5 жылдыгы эскерилип, курман болгондорго куран окулду.

**11-июнь.** БУУнун башкы катчысы Пан Ги Мун Ош шаарына келип, Сулайман-Тоого чыгып көргөзмөгө катышты.

**12-июнь.** Оштогу Фабричная көчөсү борбордук канализацияга уланды.

**26-июнь.** Ош шаарынын мэри атайын делегация менен Кытайга жөнөп кетти. Калаа башчы Синин шаарынын мэри Жан Сяожу менен жолугушту.

**18-июнь.** Кытайдын Ганьсу провинциясынын ири ишкана,заводдору менен Оштон барган делегация таанышып, «Лань жоу Нью Сити» ишканасы менен биргеликте иштөө боюнча сунуш түштү.

**19-июнь.** Ош жана Ланьчжоу шаарларынын ортосунда Ниет протоколу түзүлдү.

**21-июнь.** Үрүмчү шаарынын мэри Ильхам Сабир менен Оштун мэри Айтмамат Кадырбаев жолугушту.

**16-июнь.** Ош-Тамчы-Ош аба каттамы ачылды.

**30-июнь.** Озгур айылынын тарыхындагы алгачкы балдар бакчасынын курулушу башталды. 2 кабаттуу балдар бакча 100 орунга эсептелген.

**1-июль.** Шаарга 350 миң дана гүл отургузулду.

**2-июль.** Өмүр сакчылары мэрия тараптан кесиптик майрамына карата сыйланышты.

**3-июль.** Ош шаарын өнүктүрүүгө арналган эл аралык «Урбан» форуму өткөрүлдү.

**5-июль.** ЖРТнын жыйынтыгы боюнча көрсөткүчү жогору шаардын 2 окуучусу президенттин сыйлыгына ээ болду.

**6-июль.** Оштун экс-мэрлери тарабынан мыйзамсыз менчикке кеткен 36374 кв.метр жер тилкеси мамлекетке кайтарылды.

**30-июль.** Мүмкүнчүлүгү чектелген 150 адамга атайын жүрүүчү араба тапшырылды.

**7-август.** Ош шаарындагы«Жин-Мей» заводу түстүү телевизор чыгара баштады.

**4-август.** Ош шаары менен Фошань шаарынын ортосунда байланыш түзүлдү.

толугу менен жарыктандырылды.

**8-сентябрь.** Өлкөдөгү ири долбоор «Таза коомдун» бет ачары Ош шаарында башталмак болду.

**13-сентябрь.** Алмалык айылында көчкү түшүү коркунучу жаралып, натыйжада жери Ноокат районуна караган бул айыл Ош шаарына өткөрүлүп берилди.

**17-сентябрь.** Президент А. Атамбаев Ошко иш сапары менен келип, Алмалык айылынын тургундары менен жолукту. Кооптуу делген 25 үй-бүлө көчүрүлүп, президент тарабынан ар бир үй-бүлөгө 200 миң сомдон жана Өкмөт тарабынан 200 миң сомдон 20 жылга ссуда берилери чечилди.

**21-сентябрь.** Керме-Тоо аймактык кеңешине 2, Достук аймактык кеңешине 2, Курманжан датка аймактык кеңешине 1 балдар аянтчаларынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди.

**22-сентябрь.** «8*13» деп аталган долбоорду ишке ашыруу боюнча шаар мэри кол койду. Бул долбоор 8 муниципалдык ишкананын, 13 аймактык кеңештин ишмердүүлүгүнө баа берүү максатын көздөйт.

**21-сентябрь.** Мамлекеттик тилдин 26 жылдыгына карата жүргүзүлгөн сынак жыйынтыкталып, мыктылар мэриянын сыйлыктарына ээ болду.

**24-сентябрь.** Борбордук аянтка Айт намазга 15 миңге жакын адам чогулду. Курман айт майрамы 13 аймактык кеңеште майрамдалды.

**26-сентябрь.** Кыргыз Өкмөтүнүн көчмө жыйыны Ош шаарында өттү. Анда өкмөт мүчөлөрү, министрлер, облустагы өкүлдөр, шаар мэрлери катышып, Ош шаарын үлгү катары көрүп, көчмө жыйын өткөрүштү.

**28-сентябрь.** Жапалак айылынын 125 үйдү камтыган 4 көчөсүнө газ берилди.

**1-октябрь.** Достук аймактык кеңешиндеги Алиев көчөсүндөгү суу түтүктөрү реконструкцияланып, пайдаланууга берилди.

**8-октябрь.** Туран аймактык кеңешинде 4 жылдан бери газсыз отурган үйлөргө көгүлтүр от берилди.

**9-октябрь.** Союз убагынан бери суу чыкпаган Курманжан датка 2 аймактык кеңешинин Дача участогуна таза суу чыгарылды.

**11-октябрь.** Алмалык айылынын 25 кожолукка 21 даана мобилдик үйлөр ӨКМ тарабынан орнотулду.

**13-октябрь.** Ош шаарында эл аралык жаштардын форуму өттү. Ага Казакстан. Россия, Кытай жана Тажикстандан жаштардын өкүлдөрү келишти.

Таиландда өспүрүмдөр арасына өткөн дүйнөлүк мелдеште Ош шаарынын спортчусу Сагынбай уулу Баяман 1-орунду багындырып, Кыргызстандын дзюдо боюнча алгачкы чемпиону болуп калды.

**19-октябрь.** Грепплинг боюнча дүйнө чемпиондугунда күмүш медалды утуп келген спортчу, Ош мамлекеттик юридикалык институттун студенти Багынбай уулу Төрөканга мэр 50 миң сом сыйлык ыйгарды.